**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

# «МУЗЫКА»

жалпы билим берүү уюмдарынын 1-6-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Илимий консультант:**
**Дюшеева Н.К.** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын президенти

**Иштеп чыккандар:**

**Муратова Айнура Муратовна** - И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин доценти; педагогика илимдеринин кандидаты.
**Дуйшеналиев Жумабек Сапаралиевич** – Агартуу министрлигинин алдындагы РПККЖжКД институнун "Маалыматтык жана Art технологиялар" кафедрасынын б.м.а., музыка таануучу.
**Джакыпов Кубатбек Куланчиевич** – Б.Бейшеналиева ат. КММжИУнин окуу иштери боюнча проректору, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.
**Молдаширова Айым Азатбековна** – Чүй обласунун, Сокулук районундагы К.Шопокова атындагы №3 орто мектебинин музыка мугалими.

**Абдигапаров Нуртилек Абдигапарович** Т.Эрматов атындагы Бишкек музыкалык-педагогикалык институтунун Музыкалык билим берүү бөлүмүнүн башчысы.

**Рецензенттер:**

**Нусубалиева Г.Б.** - И.Арабаев атындагы КМУнун «Искусство жана дизайн» факультетинин доценттин м.а., философия илимдеринин кандидаты.
**Аманбек кызы И.** - Бишкек шаарынын № 64 орто мектебинин музыка мугалими.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде 1-6-класстарда "Музыка" сабагынын предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 14.03.2025-ж № 131 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыкты.

Предметтик стандарт жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартындагы талаптарды жетекчиликке алуу менен музыка сабагынын концепциясын, структуралык түзүмүн, окуу процессинин уюштурулушун, окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун жана окуу процессин ресурстук жактан камсыздоонун шарттарын аныктайт жана аны аткаруу окутуу, билим берүү уюмдарынын түрлөрүнө карабастан милдеттүү болуп саналат.

Предметтик стандарттын негизинде Кыргыз Республикасынын башталгыч мектептери үчүн музыка предметинин окуу программасы жана окуу-методикалык комплекстери, кошумча материалдары иштелип чыгат.

**М А З М У Н У**

I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ, МИЛДЕТТЕРИ................................4

II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР.................................................................6

III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР (мазмундук линиялар)..................................................6

IV. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ..............................................................................................7

V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО...............................8

VI. ПРЕДМЕТТИК РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР.........................................................................................................................10

VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЧӨЙРӨ ТҮЗҮҮ..............................................................................................................................11

## І БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТИНИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ, МИЛДЕТТЕРИ

**Предметтин концепциясы.** 12 жылдык милдеттүү жалпы билим берүү – бул ар бир окуучунун ички потенциалын ачууга багытталган масштабдуу милдет. Күтүлүүчү негизги натыйжа функционалдык сабаттуулукту калыптандыруу болуп саналат. Мында окуучулардын музыкалык алган билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн реалдуу жашоодо колдонуу жөндөмүгө басым жасалат. Бул жөн гана фактылардын жана цифралардын жыйындысы эмес, музыкалык-эстетикалык, улуттук салттуу маданият тармагында сынчыл ой жүгүртүү, көйгөйлөрдү чечүү, курчап турган дүйнө менен улуттук музыкалык-эстетикалык баалуулуктарды натыйжалуу өз ара аракеттенүү жана дайыма өзгөрүп турган шарттарга көнүү болот. Мындан тышкары, музыкалык билим, тарбия берүү окуучунун калыптанышына өбөлгө түзүп, окуучуда коомдук ченемдерге жана күтүүлөргө ылайык улуттук баалуулуктар тутумун тарбиялашы зарыл. Мында, башталгыч мектептеги музыка предметинин мазмундук багыттары, күтүлүүчү натыйжалары аныкталып окутуу процессинде музыкалык-эстетикалык билим, тарбияга үйрөтүү принциптери эсептелет. Демек, заманбап коомдо ийгиликтүү жашоо үчүн музыкалык-эстетикалык, улуттук нарк, маданият багытындагы зарыл болгон негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүүнү камтыйт.

Негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга музыка предмети өз салымын кошуп: – маалыматтык-санариптик; – таанып билүү-ишмердик; – социалдык-коммуникациялык жана эмоционалдык-инсандык компетенттүүлүктөрдүн калыптануусун камсыздайт. Мында, алардын репродуктивдүү, продуктивдүү жана музыкалык чыгармачылык жактан жогоруку деңгээлде болууусу маанилүү.

Окутуунун маанилүү аспекти болуп бир гана Кыргызстандын эмес, башка өлкөлөрдүн, элдик, салттуу музыкасы менен таанышуу болуп саналат. Бул тааныштык окуучуларга улуттук салттуу музыкалык-фольклордук чыгармачылыктын ар түрдүүлүгүн тереңирээк түшүнүүгө жана баалоого мүмкүндүк берип, алардын маданий-эстетикалык өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Музыканы окутуунун мындай методу окуучуларга жаш кезинен баштап чыгармачыл ой жүгүртүүнү, эмоционалдык сабаттуулукту жана маданий аң-сезимди өрчүтүүгө жардам берип, алардын жалпы өнүгүүсү үчүн баалуу болуп саналат.

Башталгыч мектептеги музыка предмети, анын мазмуну жана окутуу методикасы окуучунун ар тараптуу гармониялуу, музыкалык-эстетикалык өнүгүүсүнө багытталган. Мында, белгилүү бир ырларды ырдоону гана үйрөтпөстөн, музыкалык сабат, чыгарманы угуу, ыргакты сезүү, музыкага болгон сүйүүсүн өрчүтүү, эстетикалык жактан жашоо образынын маанилүүлүгүн түшүнүү жана музыкалык чыгармачылыкты, музыкалдуулукту жана эмоционалдуулукту өнүктүрүү маанилүү. Башталгыч мектепте ырдоону, музыканы угууну, ыргакты сезүүнү, ыргак менен декламация айтууну, окутуунун принциптери ар бир окуучунун жөндөмүн жана деңгээлин эске алуу менен жеке өзгөчөлүктөрүнө багытталат. Программа жеткиликтүү, кызыктуу жана түрткү берүүчү, позитивдүү динамикага болуп, окуучунун өзүн-өзү чыгармачылык жактан таанууга, өркүндөтүүгө, умтулууга жардам берет.

Эстетикалык тарбия берүүдө музыка маанилүү ролду ойнойт. Бул жерде окутуу принциптери окуучунун инсандыгын ар тараптуу өнүктүрүүгө, анын ички дүйнөсүн жана сулуулук сезимин калыптандырууга багытталган. Музыкалык-эстетикалык билим, тарбия берүү жашоодон обочолонбостон, аны менен тыгыз байланышта болуп, окуучунун музыкалык искусство багытында тажрыйбасын байытып, анын ар кандай көрүнүштөрүндө

сулуулукту түшүнүүсүн калыптандырышы керек. Демек, гармониялуу, сулуулук менен руханий байлык орун тапкан эстетикалык жашоо образына тарбиялоо.

Музыканы окутууда аң – сезимдин принциптери маанилүү. Алар: – музыкалык кубулуштардын маңызын түшүнүү; – активдүүлүк – музыкалык процесске активдүү катышуу; – көрсөтмөлүүлүк – ар кандай көрсөтмө куралдарды колдонуу; – системалуулук – музыкалык материалдарды ырааттуу изилдөө; жеткиликтүүлүк – музыкалык материалдын окуучулардын жаш курагына жана жекече өзгөчөлүктөрүнө дал келиши; – узак мөөнөткө – алынган билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү узак мезгилге бекемдөө. Бул принциптердин бардыгы өз ара байланышкан жана башкы максатка – музыка аркылуу окуучуларды чыгармачылыкка жана өзүн көрсөтүүгө жөндөмдүү гармониялуу өнүккөн инсанды калыптандырууга багытталган. Билим берүү процессинин бардык компонеттеринин өз ара аракеттенүүсү гана 12 жылдык жалпы билим берүүнүн максаттарына жетүүгө кепилдик берет.

**Предметтин максаты –** окуучулардын улуттук баалулуктарга, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө негизделген музыкалык-эстетикалык, салттуу маданиятты кабылдоосун жана жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык чыгармачылык жөндөмдөрүн калыптандыруу болуп саналат.

**Предметтин милдеттери** төмөндөгүчө аныкталат:

1. **Билим берүүчүлүк милдеттер** – музыкалык билим, тарбия берүүнүн күтүлүүчү натыйжасын камсыздаган билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө жана функционалдык сабаттуулукка ээ болуусун үйрөтүү.

2. **Тарбиялык милдеттер** – окуучунун жаш курагына ылайык музыкалык чыгармалардын негизинде улуттук баалуулуктарга, маданиятка жана адеп-ахлакка, болгон сый-урматты калыптандыруу жана адам (инсан) катары тарбиялоо.

3. **Өнүктүрүүчү милдеттер** – улуттук музыкалык искусствонун баалуулугун таануу, ага кызыгууну, улуттук маданият, чыгармачыл ой жүгүртүү, ыргактык сезим, сулуулукту элестетүү жактан өнүгүүгө негизделген окуучунун музыкалык-эстетикалык маданиятын калыптандыруу.

**Методологиялык мамилелер** – бул мугалимдерге музыка сабагын окуучулар үчүн кызыктуу жана пайдалуу кылууга жардам берген ар кандай жолдор жана идеялар. Музыка сабагынын сапатын жакшыртуу максаттары жөнүндө сөз кылганда, биз окуучулар музыканы жакшыраак түшүнүп, сүйүп, өздөрү ойноп, ырдап жана музыка жаратышын каалайбыз. Мугалимдерге ушул максаттарга жетүүгө жардам берген бир нече маанилүү методдор. Алар:

1. **Окуучулардын активдүү катышуусу** – сабактарда окуучулар мугалимди угуп эле тим болбостон, өздөрү ырдап, жөнөкөй аспаптарда ойноп, бийлеп жана музыкалык оюндарга катышуусу маанилүү. Окуучулар активдүү катышканда, аларга музыканы эстеп калуу жана чыгармачылыктын кубанычын сезүү жеңил болот.

2. **Иш-аракеттердин ар түрдүүлүгү** – мугалим ар кандай тапшырмаларды колдоно алат: ырдоо, музыка угуу, ыргактык көнүгүүлөр, обондорду түзүү жана жада калса музыка менен кичинекей спектаклдер. Бул окуучуларга ар кандай музыкалык көндүмдөрдү өрчүтүүгө жана сабактан тажабоого жардам берет.

3. **Жашоо жана маданият менен байланыш** – бул элдик ырлар, ар кайсы өлкөлөрдүн музыкасы, заманбап обондор болушу мүмкүн. Ошентип, окуучулар музыканын, алардын жашоосу жана маданияты менен кандай байланышы бар экендигин жакшы түшүнүшөт.

4. **Визуалдык жана үн материалдарын колдонуу** – мугалим сүрөттөрдү, видеолорду көрсөтө алат же ар кандай музыкалык чыгармаларды жаздыра алат. Бул окуучуларга музыканы жакшыраак түшүнүүгө жана угууну өнүктүрүүгө жардам берет.

5. **Достук атмосфераны түзүү** – сабактар ыңгайлуу жана кызыктуу болушу керек. Мугалим окуучуларды колдойт, ийгиликтери үчүн мактайт жана кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берет. Ошондо окуучулар өздөрүн ишенимдүү сезип, үйрөнүүнү каалашат.

6. **Жеке мамиле** – ар бир окуучу уникалдуу жана мугалим ар биринин кызыкчылыгын жана жөндөмүн эске алууга аракет кылат. Эгер кимдир бирөө жакшы ырдаса, ал эми кимдир бирөө аспапта ойногонду жактырса, бул ар бир окуучунун күчтүү жактарын өрчүтүүгө жардам берет.

7. **Чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү** – музыка сабактары – бул ырларды кайталоо гана эмес, окуучу өзүнүн тапканын (нерсесин) жаратуу мүмкүнчүлүгү. Мугалим окуучуларды обондорду, ыргактарды, жада калса кичинекей музыкалык окуяларды жаратууга чакырат. Бул элестетүүнү өрчүтүп, окуучулардын сезимдерин музыка аркылуу билдирүүгө жардам берет.

Бул мамилелердин баары, чогуу музыка сабактарын кызыктуу жана пайдалуу кылат. Сабактар кызыктуу жана ар түрдүү болгондо, окуучулар жакшы үйрөнүшөт, Музыкалык, чыгармачылык жөндөмдөрүн өрчүтүшөт жана музыканы өмүр бою сүйө башташат. Мугалимдер музыкалык сабактын сапатын жакшыртып, дал ушул нерсеге жетишүүсү керек.

## II БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР:

Предметти окутуунун жыйынтыгынын натыйжасы, төмөнкү үч багыттагы предметтик компетенттүүлүктөр менен такталат. Алар:

1. **Аткаруучулук компетенттүүлүгү – о**куучулар хор/жекече ырдаганды жана жөнөкөй музыкалык аспаптарда ойногонду, музыканы/обонду туура аткарууну, музыканын фонунда ыргак менен текст/монолог, декламация айтканга, музыкалык билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуусун билдирет.

2. **Эмоционалдык-образдуулук компетенттүүлүгү – о**куучулар сезимдерин музыка аркылуу билдирүүгө жана музыка берген эмоцияларды түшүнүүгө аракеттенүүсүн билдирет.

3. **Музыкалык-эстетикалык компетенттүүлүк** – окуучулар музыканын сулуулук сезимин өрчүтүп, ар кандай музыкалык ыргактарды, формаларды, стилдерди жана чыгармачыл идеяларды баалоосун билдирет.

## III БӨЛҮМ. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР

Предметтин мазмундук багыттары, музыкалык тил жана таасирдүү музыкалык-көркөм каражаттардын, аткаруучулук көндүмдөрүн, ар кандай жанрларды, стилдерди жана кыргыз салттуу маданиятты, окуучунун музыканы угуу жөндөмүн жана эстетикалык кабылдоосун өнүктүрүүнүн негизги элементтерин, кыймылдуу жөнөкөйлөтүлгөн музыкалык оюндардын түрлөрүн, ар кандай музыкалык чыгармаларды аткарууну, угууну үйрөнүүнү талап кылат жана окуучунун улуттук маданиятын калыптандырат. Музыка сабагы төмөндөгүчө 3 функцияна өзүнө камтыйт. Алар: *Ырларды аткаруу* – бул окуучулардын жаш курагына жана чеберчилигине ылайыктуу ар кандай ырларды аткаруу аркылуу ырдоо жөндөмүн, музыкалык таасирдүүлүгүн жана ыргактык сезимин

өнүктүрүүгө багытталган практикалык ишти билдирет. *Музыканы угуу* – бул ар кандай ыргактагы, жанрдагы жана стилдеги чыгармалардын өзгөчөлүктөрүн угуу жөндөмүн, эмоционалдык кабылдоону жана түшүнүүнү өнүктүрүү максатында музыкалык чыгармаларды активдүү кабыл алуусун билдирет. *Музыкалык сабаттуулук* – бул музыкалык теориянын баштапкы негиздерин, музыкалык ноталардын аталыштарын, созулуштарын, ноталык станга жазылуусун жана музыканы нота менен окуу эрежелерин өздөштүрүү, бул окуучуларга музыкалык чыгармаларды түшүнүүгө жана жөнөкөй музыкалык аспатарда ыргак менен ойноого жардам берүүсүн билдирет.

Музыка предмети төмөнкүдөй мазмундук багыттардан турат:

1. **Музыкалык тил жана таасирдүү көркөм каражаттар** – окутуунун алгачкы этаптарында нота, ыргак, обондун элементтери сыяктуу музыкалык теориянын негиздерин өздөштүрүүгө басым жасалат. Окуучулар негизги музыкалык символдорду таанып, угуу сезимин өрчүтүшөт жана музыкалык фразаларды чечмелөө жөндөмүн өрчүтүшөт.
2. **Практикалык аткаруу жана аткаруучулук көндүмдөрүн өнүктүрүү** – окуучулар ар кандай музыкалык аспаптарда (мисалы, комуз, добул бас, фортепиано (окуучулар үчүн), урма аспаптар, элдик урма аспаптар ж.б.), ошондой эле хор /жекече ырдоолорго активдүү катышышат. Бул моторикасын, координациясын жана команданын өз ара аракеттенүүсүн жана өз жөндөмүнө болгон ишенимин өркүндөтөт.
3. **Ар кандай ыргактарды, жанрларды, стилдерди жана салттуу маданиятты үйрөнүү** – окутуу улуттук элдик, классикалык музыка, ар кандай этностордун элдик ырлары, заманбап музыкалык багыттар менен таанышууну камтыйт. Кыргызстандын жана дүйнөнүн маданий ар түрдүүлүгүнө басым жасалып, толеранттуулукту жана маданияттар аралык түшүнүктү өркүндөтөт.
4. **Угуу жөндөмүн жана эстетикалык кабылдоону өнүктүрү** – окуучулар музыканы кунт коюп угууну, анын түзүлүшүн жана эмоционалдык билдирүүсүн талдоону үйрөнүшөт. Бул тенденциянын алкагында сынчыл ой жүгүртүү жана уккан чыгармалар боюнча өз таасирлерин билдирүү жөндөмү өнүгөт.

Бул мазмундук багыттар Кыргызстандын музыкалык билим, тарбия берүү тутумунун улуттук музыкалык жана маданий баалуулуктары менен гармониялуу өнүккөн инсанды тарбиялоо максаттарына шайкеш келген негизги көндүмдөрдөн баштап, чыгармачыл жаратмандыкка чейин окуучулардын ар тараптуу өнүгүүсүн камсыз кылат.

*Предметтин мазмундук багыттарынын класстар боюнча чечмелениши, жайгашышы жана алардан келип чыккан күтүлүүчү натыйжалары, окуу жүктөмдөрү, баалоо методдору менен критерийлери Музыка предметинин* ***окуу программасында*** *көрсөтүлөт.*

## IV БӨЛҮМ. ОКУТУУНУН МЕТОДДОРУ

Музыка сабагында окутуунун методдору окуучулардын музыкалык билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана кыргыз улуттук маданый баалуулук багыттарын натыйжалуу өнүктүрүүгө багытталган педагогикалык, музыкалык-педагогикалык методдордун жыйындысы болуп саналат. Бул методдор окуучулардын окуу процессине активдүү катышуусун камсыз кылат, алардын музыкалык искусствого болгон кызыгуусун калыптандырууга жана окуучунун башка предметтерге болгон чыгармачылыгын өнүктүрүүгө жардам берет.

Окутуунун негизги методдоруна төмөнкүлөр кирет:

*1. Практикалык методу* – окуучулардын жаш курактарына ылайык элдик (комуз, кыл кыяк ж.б. күүлөр), классикалык музыкалык чыгармаларды, ыргак менен декламацияны түздөн-түз аткарууга, жөнөкөй музыкалык аспаптарда ойноого, хор/жекече ырдоого жана импровизацияга негизделген. Бул, окуучунун чыгарманы аткаруу жөндөмүн, музыканы угууну жана ыргактык сезимин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

*2. Угуу методу* – чыгармаларды угуу, талдоо жана талкуулоо аркылуу музыканы активдүү кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнү камтыйт. Бул метод улуттук музыкалык чыгармаларды угууну жана эстетикалык кабылдоону калыптандырууга жардам берет.

*3. Түшүндүрмө-иллюстрациялык метод* – визуалдык материалдарды, иллюстрацияларды, комьютердик музыкаларды, ноталык жазууларды көрсөтүүнү жана аткаруу үлгүлөрүн колдонуу менен музыканын теориялык аспектилерин түшүндүрүүнү камтыйт.

*4. Оюн методу* – окутуунун оюн формаларын (музыкалык оюндар жана жомоктор, конкурстар, викториналар) колдонот, бул сабактарды кызыктуу кылат жана окуучунун активдүү катышуусу аркылуу билимдин бекемделишине өбөлгө түзөт.

*5. Долбоордун методу* – чыгармачыл тапшырмаларды аткарууну, өз алдынча музыкалык долбоорлорду же мини-спектаклдерди түзүүнү камтыйт, бул окуучулардын чыгармачылыгын жана өз алдынчалыгын өнүктүрөт.

*6. Интегративдик метод* – музыка сабагын башка предметтер (мен жана дүйнө, адабият, тарых, көркөм өнөр ж.б.) менен байланыштырат, бул, предметтер аралык өнүгүүнү жана маданий контекстти тереңирээк түшүнүүнү жеңилдетет.

Окутуунун ар түрдүү методдорун колдонуу окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алууга, алардын предметке болгон кызыгуусун арттырууга жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн комплекстүү өнүгүүсүн камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Музыкалык педагогиканын маанилүү милдети сабактын максаттарына, даярдык деңгээлине жана ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша методдордун оптималдуу айкалышын тандоо болуп саналат.

## V БӨЛҮМ. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Музыка сабагында окуучулардын жетишкендиктерин баалоо – бул окуу материалдарын өздөштүрүү деңгээлин аныктоонун, музыкалык көндүмдөрдү өнүктүрүүнүн жана кенже мектеп окуучулардын улуттук музыкалык маданиятын калыптандыруунун системалуу процесси. Бул процессте окуучулардын жетишкендиктери жөнүндө маалыматты чогултуу, талдоо жана чечмелөө, алардын күчтүү жактарын, ошондой эле кошумча көңүл бурууну жана колдоону талап кылган тармактарды аныктоо болот.

Музыка сабагында баалоонун негизги аспектилерине төмөнкүлөр кирет:

*1. Формативдик баалоо* – окуу процессинде жүргүзүлөт жана окуучулардын прогрессине дайыма көз салууга багытталган. Бул учурда оозеки комментарийлер, аткаруу байкоолору, өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо колдонулат. Мындай мамиле мугалимдерге сабактын методдорун жана мазмунун өз убагында оңдоп — түзөөгө, ал эми окуучуларга алардын жетишкендиктерин жана жакшыртуу багыттарын билүүгө жардам берет.

*2. Суммативдик баалоо* – окутуунун белгилүү бир этабы аяктагандан кийин жүргүзүлөт (мисалы, тема же бөлүм изилденгенден кийин). Анын алкагында тесттер, тесттик тапшырмалар колдонулушу мүмкүн, бул программанын конкреттүү аспектилери

боюнча билимди, билгичтикти жана көндүмдөрдү өздөштүрүү деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет.

*3. Диагностикалык баалоо* – жаңы материалды үйрөнүүдөн мурун окуучулардын музыкалык жөндөмдүүлүгүнүн баштапкы деңгээлин аныктоо үчүн же зарыл болсо, ар бир окуучунун индивидуалдуулугун аныктоо үчүн колдонулат.

*4. Баалоо критерийлери* – аткаруучулук чеберчиликти билүү (интонациянын тазалыгы, ыргактык тактык), нотаны окуй билүү, сабакка активдүү катышуу, чыгармачыл демилгелер жана музыканы эмоционалдык кабыл алуу кирет.

5. *Баалоо формалары* - ар түрдүү: оозеки сүйлөшүүлөр, байкоолор, окуучулардын жумушунун портфолиосу, өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо, жетишкендиктерди объективдүү талдоо үчүн атайын баалоо таблицаларын колдонуу.

**Окуучулардын жетишкендиктериннен күтүлүүчү натыйжалар.**

| **Предметтин милдеттери** | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Баалоо предмети** | **Баалоо методдору** |
|---|---|---|---|
| **Билим берүүчүлүк** – музыкалык билимге, билгичтикке, көндүмгө жана функционалдык сабаттуулукка ээ болуу. | Музыкалык билим, тарбияга өбөлгө түзүүчү билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болот; Функционалдык сабаттуулуктун калыптануусуна ээ болуусу. | Музыкалык билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу деңгээли; Билим берүү жана тарбиялоо процессинде колдонуу деңгээли. | Музыкалык-педагогикалык байкоо; Практикалык тапшырмалардын (хор/жеке таза, так ырдоосу, ыргак) көндүмдөрдүн аткарылышын байкоо; Чыгармачыл иштерин талдоо. |
| **Тарбия берүүчүлүк** –музыка аркылуу улуттук баалуулуктарды, маданиятты жана адеп-ахлакты сыйлоо сапаттарга ээ болуу. | Улуттук музыкалык баалуулуктарга, маданиятка ээ болуусу; Музыкалык чыгармалардагы адеп-ахлакты сыйлоосунун өнүгүүсү, инсандык калыптанууга ээ болуусу.. | Улуттук музыкалык баалуулуктарды сыйлоо, урматоо жана инсандык сапаттарды көрсөтүү деңгээли. | Музыкалык-педагогикалык байкоо; Улуттук музыкалык баалууluktarga урмат-сый, байкоо; Чыгармачыл иштерди талдоо, баарлашуу, ой жүгүртүү. багыт берүү. |
| **Өнүктүрүүчүлүк** – музыкалык-эстетикалык маданиятты, улуттук искусствого жана маданиятка кызыгууну, чыгармачыл ой жүгүртүүнү, ыргактык сезимин | Музыкалык-эстетикалык маданиятты өнүктүрүүсү; Улуттук искусствого болгон кызыгуусу; Чыгармачыл ой жүгүртүү, ыргак жана элестетүү сезимге ээ болушу. | Окуучулардын музыкалык маданиятын, кызыгуу деңгээли; Чыгармачылык жана сезимдик жөндөмдөрүнүн калыптануу деңгээли. | Музыкалык-педагогикалык байкоо; Кызыгуунсун жана чыгармачылыктын жаралышын байкоо, Музыкалык тапшырмалардын аткарылышын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| жана элестетүүсүн өнүктүрүү. | | | талдоо, Баарлашуусун жана ой жүгүртүүсүн байкоо. Тест алуу. |

Кенже мектеп окуучуларын музыканы окутуу тутумунда оң пикир жана колдоо аркылуу окууга болгон мотивацияны өнүктүрүү өзгөчө мааниге ээ экенин баса белгилеп кетүү маанилүү. Баалоо билимди контролдоого гана эмес, музыкага болгон кызыгууну арттырууга, изденүүчүлүк чыгармачылыгын өнүктүрүүгө жана окуу процессине позитивдүү мамилени калыптандырууга багытталышы керек.

Демек, башталгыч мектептин музыкалык сабактарындагы жетишкендиктерди баалоо ар бир окуучуга жекече мамиле жасоого, окуунун натыйжалуулугун жогорулатууга жана кенже окуучулардын предметтик компетенттүүлүгүн ар тараптуу өнүктүрүүгө жардам берген педагогикалык жана музыкалык-педагогикалык иш-аракеттердин маанилүү куралы.

## VI БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР

Музыка сабагында предметти ресурстук камсыздоого карата минималдуу талаптар окуу процессин натыйжалуу жүргүзүү жана коюлган билим берүү максаттарына жетүү үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык, окуу жана дидактикалык каражаттардын базалык топтомун билдирет. Бул талаптар окуу материалдарынын жеткиликтүүлүгүн, ар түрдүүлүгүн жана сапатын камсыз кылат, ошондой эле жаш окуучулардын музыкалык жөндөмүн жана кызыгуусун өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Минималдуу ресурстук камсыздоонун негизги компоненттерине төмөнкүлөр кирет:

*1. Окуу-усулдук материалдар:* - окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана программалык талаптарга жооп берген окуу китептери жана чыгармачылык дептерлер; - сабактарды өткөрүү боюнча сунуштарды, баалоо методикаларын жана дидактикалык материалдарды камтыган педагогдор үчүн методикалык колдонмолор; - окуучулар хор/жекече ырдоо жана аткаруу үчүн жөнөкөй чыгармалары бар ноталар жана музыкалык жыйнактар.

*2. Аудиовизуалдык каражаттар:* - музыкалык чыгармаларды угуу үчүн ойноткучтар (магнитофондор, мани-плеерлер, заманбап мультимедиялык түзүлүштөр, ноутбук, компьютер ж.б.); - видеофильмдерди, презентацияларды жана иллюстрацияларды көрсөтүү үчүн проекторлор, интерактивдүү доскалар же экрандар; - кыргыз элдик, классикалык жана дүйнөлүк элдик музыканын жазуулары бар аудио-видеоматериалдар жыйнактары.

*3. Музыкалык аспаптар:* - негизги урма аспаптар (добул бас, барабан ж.б. таякчалар), окуучулар үчүн жөнөкөй кылдуу же үйлөмө аспаптар (комуз, ышкырык, ксилафон, үч бурчтук ж.б.); - аткаруучулук чеберчиликти, ыргакты өнүктүрүү үчүн жөнөкөй аспаптар (окуучуларга ылайыкталган, клавишалуу аспаптар, ксилофондор ж.б.). - ыргакты калыптадыруу үчүн урма аспаптардын чакан топтому.

*4. Көрсөтмө дидактикалык материалдар:* - музыкалык сабат боюнча, нота белгилери, нота жазуулары бар карточкалар; - музыкалык аспаптар, ыргактар, жанрлар, стилдер жана композитор менен акындар жөнүндө иллюстрацияланган плакаттар. - ыргактык чиймелер жана схемалар менен таблицалар.

*5. Жабдуулар үчүн класстагы мейкиндикти уюштуруу:* - акустикалык ылайыктуу шарттар менен атайын жабдылган класс; - электрондук музыкалык куралдарды жана материалдарды сактоочу жайлар.

*6. Кошумча ресурстар:* - музыканы окутуу үчүн электрондук билим берүү платформалары жана программалары; - мугалимдер жана окуучулар үчүн музыка жөнүндө китептер.

Ресурстук камсыз кылууга минималдуу талаптар башталгыч мектепте музыка сабактарын толук кандуу өткөрүү үчүн негизди түзөт, окуучулардын музыкалык искусствого болгон кызыгуусун өнүктүрүүгө өбөлгө болот, окутуунун ар түрдүү методдорун ишке ашырууга жана сапаттуу музыкалык билим берүү материалдарына бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Бул ресурстардын болушу стимулдаштыруучу окуу чөйрөсүн түзүүгө, окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүүгө, шыктандырууга жана башталгыч класстарда музыкалык билим, тарбия берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөрүн белгилей кетүү маанилүү.

## VII БӨЛҮМ. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ

1-6-класстын окуучулары үчүн шыктандыруучу жана коопсуз музыкалык билим, тарбия берүү чөйрөсүн түзүү натыйжалуу окутуунун, чыгармачылыкты өркүндөтүүнүн жана предметке карата позитивдүү мамилени калыптандыруунун маанилүү шарты болуп саналат. Бул чөйрө окуучуларга ыңгайлуу, ишенимдүү жана музыкалык иш-чараларга активдүү катышууга түрткү берген шарттарды түзүүнү, мугалимдин жана анын айланасындагылардын колдоосун сезүүнү камтыйт.

Шыктандыруучу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн негизги компоненттери төмөнкүлөрдү камтыйт. Алар:

1. *Психологиялык коопсуздук:* - толеранттуулук жана урматтоо – бул, мугалим окуучунун музыкалык жөндөмүнүн деңгээлине, жеке өзгөчөлүктөрүнө жана каталарына карабастан, ар бир окуучу кабыл алынганын сезген атмосфераны түзөт. Окуу процессинин бир бөлүгү катары демилгени кубаттоо, кемчиликтерди сындабоо жана каталарга карата позитивдүү мамилени сактоо маанилүү; - колдоо жана мотивация – бул, мугалим окуучулардын өз жөндөмдөрүнө болгон ишенимин жогорулатуу үчүн сыйлыктарды, мактоолорду жана конструктивдүү пикирлерди колдонот. Окуучулар өз ойлорун, сезимдерин жана идеяларын эркин билдире турган ишеним атмосферасы түзүлөт.

*2. Эмоционалдык ыңгай (конфорт):* - позитивдүү маанайды түзүү – бул, жаркын визуалдык материалдарды, музыкалык оюндарды, жомокторду, чыгармачылык тапшырмаларды колдонуу сабактарды кызыктуу жана эмоционалдуу өткөрүүгө жардам берет; - иштөө ыкмаларынын жана формаларынын ар түрдүүлүгү – бул, оюн формаларын, жамааттык долбоорлорду, импровизацияларды киргизүү, окуучуларды кызыгууну жаратат жана стресстик кырдаалды азайтат.

*3. Физикалык коопсуздук;* - коопсуз иш үчүн шарттарды камсыз кылуу – бул, музыкалык аспаптарды туура жайгаштыруу жана жабдууларды колдонуу эрежелерин сактоо; - музыка кабинетинин мейкиндигин уюштуруу – бул, класс кенен, жакшы желдетилип, окуучунун активдүү кыймыл учурунда жаракат албашы үчүн жумшак кездеме/килемдер менен жабуу.

*4. Стимулдаштыруучу билим берүү чөйрөсүн түзүү:* - материалдардын жеткиликтүүлүгү – бул, ар түрдүү окуу куралдарынын, ноталык жыйнактардын,

даярдыктын ар кандай деңгээлдери үчүн аудио-видеоматериалдардын болушу; - интерактивдүүлүк – бул, сабактарды жагымдуу кылган окутуунун заманбап технологияларын (презентацияларды, мультимедиялык ресурстарды) колдонуу; - чыгармачыл атмосфера – бул, окуучулардын өз музыкалык долбоорлорун, импровизацияларын жана кичи-спектаклдерин түзүүдө демилгесин көтөрүү.

*5. Мугалимдер менен окуучулардын өз ара аракеттенүүсү;* - диалогдук баарлашуу – бул, мугалим окуучуларды активдүү угат, сабакты пландаштырууда алардын ой-пикирлерин жана кызыкчылыктарын эске алат; - жамааттык иш-аракеттер – бул, биргелешкен музыкалык оюндар жана жомоктор, ансамблдер же топтук долбоорлор аркылуу командалык духту өнүктүрүү.

Мындай чөйрөнү түзүү менен мугалим башталгыч класстагы окуучулардын музыкалык жөндөмдөрүн гана эмес, инсандык сапаттарын — өзүнө болгон ишенимин, өз ишмердиги үчүн жоопкерчиликти, жамаатта иштей билүүсүн да өнүктүрөт. Шыктандыруучу чөйрө музыканы үйрөнүүгө болгон ички мотивацияны стимулдайт, ар бир окуучунун чыгармачылыгын ачууга жардам берет жана алардын жашоосунун маанилүү бөлүгү катары музыкалык искусствого болгон оң мамилесин калыптандырат.

Жыйынтыгында, шыктандыруучу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү – бул окуу мейкиндигин уюштурууга жана окуучулар менен өз ара аракеттенүүгө комплекстүү мамиле, ал окуучулардын ыңгайлуу психологиялык абалын камсыз кылат, алардын ички дүйнөсү бай жана музыкага болгон сүйүүсү бар гармониялуу инсан катары өнүгүүсүнө шарт түзөт.